**“ҮЗӨҢГҮ-КУУШ МЕНЕН КОШТОШУУ”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Калыйбек Тагаев

Азап болду өзүңдү эстеп жүргөнүм,
Арман менен өтүп жатат күндөрүм.
Биздики эмес бүркүт учкан аскалар,
Биздики эмес эми сенин гүлдөрүң.

Колдон кутун учурган журт кең болбос,
Кош асыл жер, эми сендей жер болбос.
Бирөөлөргө бере берген жер-суусун
Биз өңдөнгөн бул дүйнөдө эл болбос.

Кайырма:

Кошкун эми, алып кала албадым,
Өмур бою ичте болор арманым.
Эстей жургун өзүң учун кан төккөн,
Бир кездеги аталардын арбагын.

Калк болалбай ажыраган эркинен,
Канча эл жүрөт Мекени жок тентиген.
Кудурет ай, жетпей койдук баркына,

Кудай бизге берген бейиш энчиден.

Колдон кеттиң, кош асыл жер гүлдөгөн,

Коңур жели кошо чыккан Күн менен.

Алтын казык жайлоосу элең кыргыздын

Сендей жерди табалбаспыз дүйнөдөн.

Кайырма: